## *ИСКУССТВО ТААНУУ*
## *ИСКУССТВОВЕДЕНИЕ*
## *ART STUDIES*

***DOI:10.26104/NNTIK.2022.51.54.048***

***Урмамбетов Д.У.***

# КОМУЗ КҮҮЛӨРҮ АККОРДЕОНДО

***Урмамбетов Д.У.***

# КОМУЗНЫЕ КЮИ – НАИГРЫШИ НА АККОРДЕОНЕ

***D. Urmambetov***

# KOMUZ KIUI-PLAYS ON THE ACCORDION

*УДК: 787.8(89)/781*

*Макалада кыргыздын элдик жана классикалык музыкасынын аккордеон аспабына нотага салынып, иштелип чыгышы тууралуу жазылган. Өткөн кылымдын 60-жылдары орун алган аккордеон аспабынын кыргыз музыкасындагы ролу каралган. Аспапты сүйүүчүлөрдүн суроолору боюнча атайын иштелип чыккан күүлөр киргизилген жана тарыхый маалыматтар камтылган. Кыргыз музыкасынын негизин түзгөн комуз күүчүлөрү башкача айтканда Карамолдо Орозов, Атай Огомбаев, Ыбрай Туманов, Токтогул Сатылганов, Шекербек Шеркулов өңдүү комузчу авторлордун кее бир күүлөрү аспапка иштелип чыккан (2021-жылы басмадан чыккан «Комуз күүлөрү аккордеондо» аттуу китепти караныз). Кыргыздын фольклордук, классикалык музыкасын Европа элдерине жайылтуу максаты коюлган. Аккордеон аспабына иштеп чыккан күүлөр Европа элдеринде өткөрүлүп жаткан конкурс фестивалдар үчүн керектүү материал болуп саналат. Россия Федерациясында өтүп жаткан 6-чы Кыргызстанда өткөрүлүп жаткан 8-чи фестивалдардын окуу каражаты катары суроолорго толук жооп табат. Аккордеон аспабын сүйүүчүлөрдүн жана музыка күйөрмандарынын репертуары үчүн керектүү материал.*

***Негизги сөздөр:*** *руханий, күү, классикалык күү, фольклор, көркөм өнөр, салттуулук, репертуар, тембр, регистр, темп.*

*В статье рассказывается о разработке нотной записи на аккордеонном инструменте Кыргызской народной и классической музыки. Рассматривается роль аккордеонного инструмента в кыргызской музыке, имевшая место в 60-х годах прошлого века. Специально разработанные мелодии для любителей инструментов включены и содержат историческую информацию. Основные мелодии комуза, составляющие основу кыргызской музыки – Карамолдо Орозова, Атая Огомбаева, Аврая Туманова, Токтогула Сатылганова, Шекербека Шеркулова (смотрите книгу «мелодии комуза на аккордеоне», изданную в 2021 году.). В целях популяризации Кыргызской народной и классической музыки среди народов Европы. Выработанные мелодии на инструмент Аккордеон являются необходимым материалом для проведения конкурсов в европейских странах. 6-й фестиваль, проходящий в Российской Федерации, находит исчерпывающие ответы на вопросы как средство обучения 8-го фестиваля, проходящего в Кыргызстане. Необходимый материал для репертуара любителей аккордеонных инструментов и меломанов.*

***Ключевые слова:*** *духовная, мелодия, классическая мелодия, фольклор, искусство, традиционализм, репертуар, тембр, регистр, темп.*

*The article describes the development of musical notation on an accordion instrument of Kyrgyz folk and classical music. The role of the accordion instrument in Kyrgyz music, which took place in the 60s of the last century, is considered. Specially designed melodies for instrument lovers are included and contain historical information. The founding Melodies of the komuz composing Kyrgyz music are Karamoldo Orozova, Ataya Ogombayeva, Avraya Tumanova, Toktosh Satylganov, Shekerbek Sherkulov (see the book «melodies of the komuz on the accordion», published in 2021.). In the interests of the popularity of Kyrgyz folk and classical music among the peoples of Europe. Expressive melodies for the Accordion instrument appear as a necessary material for holding contests in European pages. The 6th festival, held in the Russian Federation, finds comprehensive answers to questions about how to train the 8th festival, held in Kyrgyzstan. A unique material for the repertoire of accordion instrument lovers and music lovers.*

***Key words:*** *spiritual, melody, classical melody, folklore, art, traditionalism, repertoire, timbre, register, tempo.*

**Киришүү**. Жараткан кыргыз элине ыроологон руханий байлык, күүчүлүк, манасчылык, ырчы-обончулук, төкмө-акындыкты аздектеп улантып, ушул күнгө чейин учугун улап келет. Ал эми, ошол музыканын ичинен комуздун классикалык күүлөрүн дүйнө жүзүнө белгилүү болгон атактуу композиторлордун музыкалык шедеврлерине салыштырсак, алардын мазмуну, түзүлүшү, аткаруучулук өзгөчөлүктөрү ж. б. сапаттары боюнча, Европа элдеринин музыкасынан ашып эле түшпөсө кем калышпайт. Кайсы гана элде болбосун, өз элине тиешелүү болгон руханий байлыкты сактап, окуу репертуарын байытуу эң маанилүү маселелердин бири.

«Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт» - деген акыл кеп туура чыгаар. Өзүбүздүн руханий байлыгыбызга аяр мамиле кылып, кылым карыткан кыргыздын залкар күүлөрүн, обон, күүлөрүн кийинки муундарга эстафета катары өткөрүү мене гана чектелбестен аны Европа элдеринин репертуарын байытуунун максатын көздөйт.

**Изилдөөнүн максаты.** Бул макалада, бүгүнкү күндө музыкалык окуу жайларындагы аккордеон аспабы боюнча репертуарды кыргыз эл обондору жана аспаптык күүлөрүн иштеп чыгуу менен байытуу максатталган.

Европа элдерине кыргыздын залкар комуз күүлөрүн тааныштыруу. Кыргыз күүлөрүн аккордеон аспабын сүйүүчүлөргө, нотага салып даярдап берүү менен алардын репертуарын байытуу.

**Изилдөөнүн методу.** Студенттер жана мугалимдер үчүн колдонууга керектүү материалдар: комуз күүлөрүн үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк ала алышат. Комуз күүлөрүн нотага салып аны кайрадан аккордеон аспабына салууда өзгөчөлүктөрү аны жазуудагы методдору камтылат.

**Изилдөөнүн мазмуну.** Кыргыз комуз күүлөрү өзгөчө көркөм-кооздукту, колориттүүлүктү берген аккордеон аспабында аткаруу, чет элдик угуучулардын көңүлүн буруп келүүдө. Анткени, бул аткаруучулук тажрыйбадан белгилүү. Мына ушундай маселеден улам, кийинки музыка адистери да комуз күүлөрүн аккордеон аспабы үчүн иштеп чыгып, нотага түшүрүүнү улантуу керек экендиги учурдун талабы.

Мурда аккордеон аспабынын репертуарында кыргыз аспаптык чыгармалары өтө аз санда экендиги белгилүү. Ошондуктан, бул окуу куралына түрдүү мүнөздөгү комуз күүлөрүнүн топтому кеңири иштелип чыкты. Келечектеги музыка мугалимдери үчүн концерттик топторго, өздүк-көркөм чыгармачылык ийримдерине жана көркөм жамаатар үчүн да пайдалуу болот.

Музыка жандуу кыргыз элине, Батыштан келген аккордеон аспабынын ролун анын кайрыгына комуздун күүлөрүн салууда зор роль ойногонун кийинки жаштар баамдаган үчүн учурда аккордеон аспабында ойногондор миңдеп саналат. Ал эми комуз күүлөрүн салууда кыргыз күүлөрүн аккордеон аркылуу бүт дүйнө жүзүнө таратуу максатка ылайык. Ар бир күүнү кылдат иштеп чыгып, кичи оркестр ролун ойногон аккордеон аспабында жаныpганда музыка угарман өзүнчө эле керемет дүйнө музыкасына тартылат.

Комуз күүлөрү комуздун аткарылышында клавири жана өзүндөгү үч кылы менен болушунча кооздолуп, гармониясы өзүнө ылайык чертилип жүрүп олтурат. Ал эми аккордеондо аткарылууда ошол эле күү аспаптын Бас тарабынан аккорддор менен толукталып, ал эми аспаптын оң жагында көптөгөн мүмкүнчүлүктөр ачылат, мисалы: кооздоп ойноо аккорддорду кошуу, түрдүү вариацияларды кошуу жана башка мүмкүнчүлүктөр ачылганын угууга болот.

Демек, комуздун залкар күүлөрүн аккордеон аспабына салганда кеңири мумкүнчүлүктөр ачылып, кыргыз күүлөрүн бардык эл угууга мүмкүнчүлүк алып, аны изилдеп тушүнгөн адам үчүн жана аткаруучулар жаны кермет сырын купуя баамдап, өзүнчө ачылыш алат, - деген ойдобуз.

Залкар комузчулар Карамолдо Орозов, Ыбрай Туманов, Атай Огомбаев, Шекербек Шеркулов ж.б. күүлөрүн аккордеон аспабына салып иштеп чыгууда, европалык нота жазма ыкмасын (аспаптын бас тарабын) колдонулду. Себеби, бизде мурун орус элинин методун колдонуп келгенбиз (анда аспапка салынган бас тараптагы үч үн, мажор, минор септакорд, нотага кошо жазылчу), ал эми мында, негизги гана нота жазылып, аны окууда жеңилдик бермекчи.

Мугалим окуу куралындагы репертуарды окуучунун курсуна, аткаруучулук дараметине жараша чыгарманы тандап алуу менен, улам кийинки курстарда жеңил-татаалына жараша репертуарын түзүп, келечек тажрыйбалык иш жүзүндө колдонушуна кеңири шарт тузөт. Аспапта ойноого окутууну адеп баштаганда, жеңилирээк чыгармадан тандалып алынып, окуу процесси бара-бара татаал чыгармаларды камтыйт.

Күү – бул атайын комуз аспабы үчүн жазылган пьеса, (жанрдын аталышы) анда ата-бабалар сөз менен жеткире албаган сезим, ой-туюмдарды комуз кылына салышкан. Калың элдин ичинен суурулуп чыккан залкар таланттуу комузчулар күүлөрдү кан-жанына сиңирип, элге жеткиришкен [1, 3-б.].

Аккордеон аспабы негизи эле Батыш Европа элдерине кеңири тараган аспап болуп эсептелет. Аспап жергебизге XIX кылымдын ортосунан, өзгөчө 60-жылдары кеңири орун алып баштаган. Аспаптын үнүнүн тембринин кооздугу, регистрлердин (үн өзгөрткүч) ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Кыргыз элинин кылым карыткан күүлөрүнүн аккордеон аспабында ойнолушу, анын репертуарынын жаңыча жашоого алышына, Европа элдеринин аккордеондук аткаруучулук репретуарына кирээрине шек жок.

Бүгүнкү күндө, кыргыз элинин тарыхый өнөрчүлүгүндөгү комуз күүлөрү аккордеон, баян, гитара сыяктуу европалык аспаптарына иштелип чыгып, жалпы музыкалык чөйрөгө кеңири таралууда. Мисалы, Карамолдо Орозовдун «Ибарат» аттуу күүсүн аккордеон аспабында аткарууда, абдан кооз колориттүүлүгү менен, кандайдыр бир оркестрдин кичи тобу ойноп жаткандай сезилет. Ал эми, залкар комузчу-күүчүлөрдүн дагы бири Ыбырай Тумановдун «Боз салкын» күүсү аккордеон аспабында аткарууда, нукуралыгын эч өзгөртпөстөн, күүгө жаңыча жашоо бергендей өзгөчө керемет угулат. Атай Огомбаевдин «Саадак какты» күүсү аккордеондогу терция, секста, аккорддор колдонулуп аткарылууда кошумча ажайып кооздукту, сулуулукту тартуулап турат. Ал эми «Кербез» күүлөрүнүн саны көп, алардын көпчүлүгүн ансамбльга салып ойноого ылайыктуу.

Окуу куралындагы комуз күүлөрдүн иштелмелери, автордун өзүнүн көптөгөн жылдар ичиндеги педагогдук иш-тажрыйбасынын натыйжасында топтолгон. Анын аспаптык аткаруучулугун жеке эле жергебизде гана эмес, чет өлкөлөрдө да даңазалап келген. Кыргызстандан биринчилерден болуп 2017-жылы Италияда, Кастельфидардо шаарында өткөн 42-чи Эл аралык фестиваль-конкурсуна, 2018-жылы РСФСРда өткөн V Эл аралык «Играй гармонь» фестивалына катышып, Лауреат болуп, тажрыйба алып келген.

Аткаруучулук менен педагогикалык иш айкалышуу менен, эриш-аркак болбосо, устаттык ишмердүүлүктүн толук жандуу деңгээли болбой тургандыгы маалым. Кандай гана аспапчы-адис болбосун сөзсүз чоң же кичине сахнада өз өнөрүн элге тартуулайт. Ал эми аспапчынын аткаруучулук дараметинин канчалык деңгээлде экендигин эл таразалайт.

Күүлөрдү аккордеон аспабына иштеп чыгуу өтө машакаттуу иш. Аны жогорку деңгээлдеги аткаруучулук жана теориялык билими бар гана адис иш жүзүнө ашыра алат. Себеби ал, комуз күүлөрүн аккордеондо аткарууда, андагы ар бир чыгарманын өзүнө мүнөздүү мазмунун, ойноо ыкмаларынын өзгөчөлүктөрүн ачып берип, аткаруучунун ички сезиминин туюмдуулугун таап, багыт берип, аны өстүрө билүүдө.

«Күү демекчи аны жараткан калк сыяктуу эле түгөнгүс көркөм байлык жана дараметтеги адеп ахлактык нерсе. Андыктан ал түбөлүктүү, өнүгүп өсүүчү жаңыланып туруучу искусство. Бирок кандай гана глобалдашуу болбосун фольклордук музыкалардын түпкү тамырын токтотуп өчүрө албайт. Демек элдик фольклор кандай гана сырткы таасирлерге карабай туруштук берип, өнүгө берет» [5, 327-б.]

Балдар музыкалык мектебинен баштап, музыкалык, маданият жана искусство тармагындагы орто жана жогорку окуу жайларда атайын аккордеон класстары бар экендиги белгилүү. Учурда аккордеон аспабында өздөштүрүүнү көздөп, ойноого кызыккан жаштардын саны арбын. Бир гана көйгөйлүү маселе бул аккордеон аспапбы боюнча кыргыз обон-күүлөрүнүн иштелип чыккан окуу куралдарынын өтө аздыгы. Авторду мына ушундай маселелерден улам «Комуз күүлөрү аккордеондо» (2021-жылы жарык көргөн.) жана «Аккордеондо ойноо» (2018-жылы чыккан) бул окуу куралын жазууга мажбурлаган.

Окуу куралында аккордеон аспабынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, иштелип чыккан комуз күүлөрүн түшүнүп уккан «куйма кулак» окуучунун сөзсүз түрдө жүрөгүнөн орун табат.

Комуз күүлөрүнүн ар биринин өзүнчө тарыхый таржымалы бар. Ал эми автор аккордеон аспабына салганда, тек кана ошол күүгө карата өз оюн, тарыхка таянып, ички сезимин, көз карашын кыскача билдирген.

Күү – бул аспаптык пьеса, аспап үчүн жазылган музыкалык чыгарма. Күүнү чертип баштаарда анын тарыхын таржымалын баяндап, анан кийин чертишкен. Күүнү көкүрөгү бар, куйма кулактар гана угуп талдай билишкен. Элдик классикага айлаган күүлөргө: Камбаркандар, кербез, ботойлор, шыңгырама кайрыктар кирет. Аз да болсо окумуштуу музыковед А.Затаевич комуз күүлөрүн нотага салып кеткен [4, 229-б.].

**«Кербез»** күүлөрү кыргыз аспаптык аткаруучулук өнөрүндө көп колдонулган жанрлардын бири. Өзгөчө тоо булбулу Токтогулдун чыгармачылыгында көп кездешет. Кербездер кесипкөй комузчулардын репертуарынан кеңири орун алган. Кербез күүлөрү ар кыл мүнөздө кездешет. Алсак, Токтогулдун «Келгендеги кербезим», «Чоң кербез», «Кичине кербез», «Мырза кербез», «Бала кербез» К. Орозовдун «Жаш кербез», А. Огомбаевдин Кыз кербез», ж.б. Кербездердин кайрыктарынын көркөмдүүлүгү, уккулуктуулугу, салттуулугу комуз күйөрмандарынын репертуарынан кеңири орун алышына көмөк берет.

**«Маш ботой».** Бул күү ботой жанрынын негизинде А.Огомбаев тарабынан иштелип (машталып) чыккан күү. «Маш ботой» кол ойнотмо күүлөрдүн сабына кирет. Автордун виртуоздук сапатка ээ болгон, шандуу мүнөздөгү бул күүсү комузчулар чөйрөсүндө кеңири орунду ээлегендиги талашсыз. Кандай гана оюн-зооктуу маданий иш-чаралар: концерттер, фестивалдар, майрамдар өтпөсүн, сөзсүз түрдө, «Маш ботой» күүсү кульминациялык орунда турган, абдан маңыздуу жакшы чыгарма.

Аккордеондо комуздагыдай кол ойнотуп турбаса да, Бас тарабына жеке (соло) ыргак берилди, мындан гармонияга бай айкалыштыкты угууга болот. Керемет чыгарма ар дайым элдин репертуарында. Эми аккордеон аспабы менен «Маш ботой» күүсүнө ого бетер көрк берип, шаңга бөлөп турары талашсыз.

**«Боз салкын».** Күү формасы жагынан татаал түзүлүштөгү философиялык ой туюмду чагылдырган көлөмдүү чыгарма. Комузда бул күүнү терип черткен кайрыктары абдан кооз мукам үндүү угулат. Ал эми, аккордеондо аткарылышында, албетте негизги өзөгү бузулбайт, бирок аккордор кошулуп, бай кайрыкка айлантат. Музыканын ыргагына жараша регистрлер өзгөрүлүп туруу менен, көркөмдүгүн арттырат.

**«Эмгек шаңы».** Автор (Н.Уралиев) «Эмгек шаңы» күүсүн Союз учурунда эмгектин шаңы кайнап, турган учурда жазган. Ошол маалда, жалпы эмгек алдынкыларына арналып, атайын слеттор маал-маалы менен өтүп турар эле, ошол убакта автор Ысык-көл райкомунда кызмат өтөгөн учурда, эмгекчилердин алдыңкыларына арнап, шыктанып, кыялданып, ак эмгек

менен оокат кылуу, сөзсүз түрдө эрезеге жеткирээрин айтып, эмгекти даңктап жазганы ачык байкалат.

**«Мин кыял».** Кыргыздын эзелтен келе жаткан тарыхын миң түркүн кайрыктарга салып, эчен кылымдарды баскан элдин кайгы-муңун, шандуу күндөрүн камтыганы талашсыз. Күү эл аспаптар оркестринин аткаруусунда не бир ажайып дүйнөгө туш келтирип, көөдөндү көкөлөткөн, ички сезимди байыткан, күчтүү чыгарманын катарын толуктайт. Ал эми, аккордеондо оркестрден кем эмес көркөм-кооздукту берүү менен күүнүн ажарын ачып турат.

**«Ибарат».** Карамолдонун «Ибарат» күүсү кыргыз элинин эң бир ажайып кереметтүү чыгармаларынын катарында. Күүнүн кайрыктары уккандын кумарын кандырат. Орустун музыка изилдөөчүлөрү А.Затаевич, В. Виноградов кыргыз музыкасынын ичинен комуз күүлөрүнө абдан чоң баа беришкен. Бул күү «Элдик нукуралыкты сактаган дүйнөлүк шедеврлердин катарына кирет»,- деп айтылат.

Күүдө шаңдуулук менен катар, бий мүнөздүүлүк да камтылган.

**«Уч кайрык».** Күү атчандардын мүнөзүн элестетет. Аты айтып тургандай чыгарма үч бөлүктөн түзүлгөн. *Ля* минордо башталган күүнүн экинчи бөлүгү *ми* минорго өтөт да, үчүнчү бөлүгү *ля* мажордо аяктайт. Үчүнчү бөлүмдүн мүнөзү кандайдыр бир шаңдуулукту берип турат.

Негизи күү түзүлүшү боюнча кайрыктарга абдан бай «жорго» жүрүштү элестеткен чыгарма. Аккордеон аспабында аткарууда мажордук, минордук жана септаккорддор кеңири колдонулуп, мүнөзүнө жараша коштоп, күүгө өзүнчөз көркөмдүктү берип, түрлүү боекторго салат.

**«Сары барпы».** Токтогул табигатты терең сезүү менен, чымчыктын сайраганын түркүн боёкко салып, күүнү ар кандай кооздукка бөлөө менен ыргактуулугунун айкалыштырып жазган.

Чыгарма комузга ылайыкталып чыгарылса да, аккордеондо аткарууда бас тарабы кошумча көрккө бөлөп, чейрек, жарым ноталар менен коштолуп, өзгөчө кооздукту берет, себеби аспаптын Бас тарабына ойнолуучу аккордор кайрыктардын угулушуп байытат. Аккордеон чымчыктын сайрашын берүү менен, жаратылыштын кооздугун эске салат.

**«Бий күү».** Кыргыздарда күзгү түшүмдүн жыйым-терими бүткөн убакта, жаштар чогулуп «Түшүм» майрамын белгилешкен. Бул учурда майрамдык маанайда, кубанычын ыр-бий коштогон кечтерди өткөрүшкөн. Кыргызда бий күү көбүнчө комуздун коштоосунда бийленген. Негизи кыргыз байыртадан бий өнөрчүлүгү болгондуктан, «Жорго бий», «Талма бий», «Бакшынын бий» сыяктуулар элдин жашоо-тиричилиги менен эриш-аркакта болуп келген.

Бүгүнкү күндө ошол комузчулук өнөрүндө «Бий күү» жанрын өнүктүрүү максатында бир катар күүлөр бар. Алардын бири жогорудагы биз репертуарыбызга киргизген күү.

Комуз күүлөрүнүн ичинен кристалдай таза, көөнөрбөс, өз элинин адеп-ахлабын, турмушунун оор кайгы, күлкү-муңун комуз күүлөрүнө салган виртуоз комузчулардын күүлөрүнөн таасын да ачык байкалат. Ал эми куйма кулактардын (музыкага жөндөмү бар) кулагынан кирип жүрөгүнө жетет.

Ошол залкарлар: Арстанбек, Карамолдо, Ыбрай, Атай өндүү ондогон өнөрпоздорубуз муундан муунга, өткөрүп келе жаткан комуз күүлөрүн аккордеон аспабына иштеп чыгаруу менен кыргыз күүлөрү сөзсүз Европа элдеринин концерттик репертуарынан орун аларына ишеним берет.

Музыка билимин өсүп келе жаткан муундарга профессионалдык жактан тарбиялоодо элдик фольклордук музыканы учурдун талабына ылайык иштеп чыгып көркөмдөп жеткирип берүү милдети турат. Мына ушуга мисал катары комуздун күүлөрүн аккордеонго салуу максатка ылайыктуу.

Күүлөрдүн ичинен мисалга Карамолдонун «Ибаратын алып карасак (албетте Ибарат күүлөрү кыргызда көп), мазмуну түзүлүшү жогоруда айтылгандай бардык тепкичтерди басып өткөн, элдин ички музыкалык туюмун жашоо турмушун чагылдырат. «Ибарат күүсүн тактап айтсак: көлөмү татаал күү, мазмунунун көркөмдүгү, жоокердик замандагы ат үстүндөгү турмушту, жүрүштү баштап келип кульминацияга жеткирип, андан соң, керемет дүйнөнү тааныштырып кайтат [3, 96-б.]. Күү композициялык өзгөчө боекко бөлөнүп, ага көрк берип, уккан адамды бийиктике көркөмдүккө бөлөйт (төмөндө мисал катары нотадан үзүндү).

## Ибарат

К. Орозов.
Иштеп чыккан Д. Урмамбетов




***Источник:*** [5, 53-б.]

**Корутунду**. Бүгүнкү заманбап жашоо мезгилинде, жаш муундарга музыкалык билим берүүдө, аспаптык аткаруучулук жагдайы кеңири кулач жайууда. Элдик аспаптар комуз, кыл кыяк чоор ж.б. катар, аккордеон аспабы боюнча кесиптик деңгээлде билим алып, адистикке ээ болууга багыт алган жаштардын саны көбөйдү. Учурда, маданият, искусство жана музыкалык орто жана жогорку окуу жайларында аккордеон аспабы боюнча класстарында улан-кыздарынын билим алуу менен, кесиптик деңгээлде аткаруучулук маданиятына жетишүүдө. Демек, кыргыз күүлөрүн аккордеон аспабына салууда, күүгө кошумча боекторду кошуу менен музыкалык духту бийиктике жетелеп, кыргыз күүлөрү аккордеон аспабы аркылуу дүйнө элдеринин репертурынан орун алат деген ишеним берет.

**Адабияттар:**


1. Комуз күүлөрүнүн жанрларынын музыкалык анализи. 2017-ж., 103-б.
2. Аккордеондо ойноо. - 2018. - 98-б.
3. Алагушев Б. Кылымдардын кылдары. - 1983. - 126-б.
4. Дүйшалиев К. Кыргыз эл музыкасы. 2007. - 308-б.
5. Урмамбетов Д. Комуз күүлөрү аккордеондо. - 2021. - 89-б.
6. Джакыпов К.К. Искусство комуза в исторических и педагогико-эстетических условиях. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 7. С. 196-200.
7. Корпобаева М.К. Комуз - самый древний музыкальный инструмент кыргызов и мелодии комуза. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 6. С. 165-171